**Жумабаева Динара Сапарбаевнанын «Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Жумабаева Динара Сапарбаевнанын «Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» аттуу темадагы диссертациялык иши кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага – ааламдашуу доорунда, бүгүнкү кыргыз коомунун дүйнөлүк интеграцияга кошулуу процессинде кыргыз адабиятын, анын ичинде акындар чыгармачылыгын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн натыйжалуу жолдорун, ыкмаларын жана каражаттарын иштеп чыгууга, ал технологиялардын практикалык жактан натыйжалуулугун педагогикалык тажрыйбада текшерүүдөн өткөрүүгө арналган.

Диссертант аталган теманы тандоосунун башкы себеби катары бүгүнкү күндө жаштарды өз улутунун элдик педагогикасынын, байыртадан келе жаткан нарк-нусканын негизинде тарбиялоо коомдун талабы болсо да, жогорудагыларды ишке ашыруунун илимий-усулдук негиздери турмушка толук түрдө ашырылбай жаткандыгы, колледж системасы практикага киргизгенине 10 жылдан ашса дагы, колледждерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча ушул кезге чейин усулдук колдонмолордун жоктугу, колледждерде эл акындарынын поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууда окуучулардын тажрыйбалары топтолуп калса да, алардын ишмердүүлүгүнө ушул күнгө чейин илимий баа берилбегендиги жана дүйнөлүк педагогикалык жетишкендиктерине таянуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы менен түшүндүрөт.

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 140 «30» 09 2022 г.

Илимий иштин “Колледждерде акындардын поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасынын тарыхый методикалык негиздери” деген аталыштагы 1-бабында билим берүүнүн колледж формасы жана колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү, акындар поэзиясы жөнүндө түшүнүк жана аларды окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү, окутуунун педагогикалык негизи жана окутууну педагогикалык негизде өркүндөтүү түшүнүктөрү азыркы учурда акындардын поэзиясын окутуунун этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн мааниси жана методикалык таянычтары, педагогикалык процессте эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окууну уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн максаты, милдеттери жана изилдениш тарыхы жалпылаштырылган. Бул багытта изденүүчү бир топ жетиштүү маалыматтар менен камсыз болгон.

Изденүүчү эмгегинде ар бир эл, уруу, улут келечек мууну болгон балдарга тарбия берүүдө, турмушту үйрөтүүдө, жашоого көнүктүрүүдө өздөрүнүн улутунун, уруусунун, элинин мурдатан колдонуп келген тарбиялоо салттарын жана эмприкалык билимдерин пайдаланарын белгилеген. Ошондой эле, тарбия берүүдө акыл-эс тарбиясын, эстетикалык тарбияны дене тарбиясын, экологиялык тарбияны, адеп тарбиясын биримдикте жүргүзүп, балдарын ар тараптуу инсан катары жетилтүүгө көңүл бурганын жана инсанды калыптандырууда дал ушул фактор чечүүчү экендигин ачыктаган.

Диссертант иштин 36-бетинде: “элдик педагогиканын тарбиялык көп түрдүүлүгү кыргыз элин эл кылып, улутту улут кылып сактап келди. Ошол идеяларды колледждин студенттерине жеткирүү үчүн окутуунун этнопедагогикалык негиздерин ишеп чыгуу зарыл” – деп белгилейт. Студенттерди инсан катары калыптандырууда акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуунун өзгөчө ролун белгилеп, анын изилдөөчүлүк, калыптандыруу, конструкциялоочу, таанып билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк функцияларын ачып берүүгө аракеттенген.

“Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору”

аталышындагы 2-бапта илимий изилдөөнүн материалдары жана изилдөөнүн теориялык, эксперименталдык методдору каралган. Бул бөлүмдө диссертант изилдөөнүн объектиси жана предметине, окуу программасындагы акындар поэзиясына сааттардын бөлүштүрүлүшүнө, илимий изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык методдоруна токтолгон. Изилдөөнүн теориялык методдорун: илимий булактарды изилдөө методу, салыштыруу методу, илимий изилдөөлөрдү үйрөнүү жана пайдалануу методу, нормативдик материалдарды үйрөнүү методу деп бөлүшүрүп, ар бирин кеңири ачып берүүгө аракеттенген. Теориялык методдун алкагында салыштыруу жана талдоо методунда Молдо Нияздын "Даткайым" ырына талдоо жүргүзүп, Даткайымдын образын ачууда элдик макал-лакаптар, эпикалык каармандар менен салыштыруу абдан ыктуу берилген. Диссертант иштин 95-бетинде Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасын окутууда проблемалуу суроо коюу ыкмасын пайдалануу менен сабактын максатына жетүүсүнө шарт түзсө болот деп эсептейт. Студенттердин оюн угуп жана аларга кайрадан тереңдетип суроо берүү, алардын логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүүсүн шарттарын белгилеген. Ал эми иштин 101-бетинде илимий изилдөөлөрду үйрөнүү жана пайдалануу методунда бир катар окумуштуулардын пикири менен бөлүшүүгө жетишкен.

Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгү Ош мамлекеттик педагогикалык университетиниин, БатМУнун алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык-педагогикалык колледждеринде 2014-2021-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн. Эксперименталдык изилдөөнү өткөрүүнүн этаптары ырааттуу, максаты так коюлган, методдору туура тандалган, милдеттери так аныкталган жана натыйжасы ынанымдуу деп айтууга толук негиз бар.

"Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагоикалык негизде өркүндөтүүнүн технологиялары" аталышындагы иштин 3-бабында акындардын санат-насият жана сүйүү ырларын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн жолдору, акындардын поэзиясын окутуунун этнопедагогикалык

негизде өркүндөтүү аркылуу студенттердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жана Молдо Кылычтын “Буудайык” чыгармасын этнопедагогикалык негизде окутуунун өркүндөтүүнүн жолдору каралган.

Диссертант эл акындарынын чыгармаларын окутууда биринчи кадам – түшүнүксүз сөздөр менен иштөөгө басым жасайт. Эгер окутуучу студенттерге түшүнбөгөн сөздөрдү кеңири, жеткиликтүү түрдө айтып бербесе, алар ырдын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоодо, текстти талдоодо сөзсүз кыйналышат деп белгилейт. Бул иштер аткарылгандан кийин гана чыгарманы талдоо жакшы натыйжа берип, студенттердин сабакта белгилүү көндүм, шык, машыгууларга ээ болуусуна жетишүүгө болот деп эсептейт.

Иштин 3-бабында Молдо Кылычтын “Зилзала”, “Зар заман”, “Буудайык” чыгармаларын окутуу менен студенттердин этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатуу жана этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдору каралып, окутуунун заманбап методикалык ыкмалары жеткиликтүү деңгээлде берилген. Диссертант сунушталган ыкмалар студенттердин ишмердүүлүгүн илимийлүүлүккө багыттап, далилдүү сүйлөй билүү үчүн фактылар менен турмуш чындыгын байланышта кароого үйрөтөт деп эсептейт.

Диссертациянын жаңылыгы кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизге таянып окутууну өркүндөтүүнүн методикасы эң алгачкы жолу заманбап педагогикалык талаптарга ылайык изилдегендигинде; колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылгандыгында; колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуп үйрөтүү менен студенттер ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлгөндүгүндө; элдик педагогиканын материалдары кыргыз ырчыларынын чыгармаларын окутуунун мазмуну жана каражаттары катары каралгандыгында жана азыркы

шартта элдик педагогикалык салттардын негизинде таалим-тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тастыкталгандыгында.

Диссертант изилдеген темасын ачып берүүдө студенттердин билим деңгээлин, окурмандык кызыгууларын кылдат биле тургандыгын көрсөткөн жана проблемага ошол аспектиден мамиле кылган.

Диссертацияда изденүүчү тарабынан темага ылайык тарыхый-философиялык, адабият таануучулук, эстетикалык багыттагы методологиялык эмгектер изилденген жана алардын идеялары ишке сиңирилген, эл акындарынын чыгармаларын окутууда интерактивдүү технологиялардын үзүрлүү ыкмалары, предметтерди айкалыштыруунун жолдору иштелип чыккан, диссертацияда окутуучунун ролу өзгөчө орунга коюлган жана аларга методикалык кеңештер берилген, чыгармаларды окутуунун шарттары бир кыйла билгичтик менен иштелип чыккан.

Илимий изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте жалпысынан жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

Д.С.Жумабаеванын диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүгө салым кошот деп ойлойбуз.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин логикасын андап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин баары – 19 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир **кемчилдиктерди жана сунуштарды** айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

1. Диссертациянын “Билим берүүнүн колледж формасы жана колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүгү” деген 1.1-параграфында 8-11-беттерде “колледж” терминологиясына кеңири токтолуп, ал эми колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү тууралуу АЖ.Муратов, К.А.Исаков, К.К.Акматов тарабынан түзүлгөн “Кыргыз адабияты программасын” берүү

менен гана чектелген. Буга чейин такталып, аныкталган “колледж” терминине диссертацияда кеңири орун бергенден көрө, кыргыз адабияттын окутуунун өзгөчөлүктөрүн жеткиликтүү ачып берсе болмок.

2. Иштин 1-бабынын параграфтары өтө эле майдаланып калгандай, параграфтарды ирилештирүү, 1-бапта байкалган ашыкча маалыматтардан арылууга жол ачмак.

3. Диссертацияда “студент”, “окуучу”, “мугалим”, “окутуучу” деген сөздөр аралаш кете берген. Бул кемчиликтерди оңдоо керек деп эсептейбиз.

4. Диссертацияда айрым орфографиялык, стилистикалык каталар кездешет.

Бирок бул кемчиликтер ишти редакциялоо учурунда арылууга мүмкүн боло турган кемчиликтер.

**Жыйынтыктап айтканда,** Жумабаева Динара Сапарбаевнанын «Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферата Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 2.10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Д.СЖумабаева аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент** Шералиева А.Ж., педагогика илимдеринин кандитаты, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ